# 2009-ЖЫЛДЫН 1-ЖАРЫМ ЖЫЛДЫГЫНДАГЫ АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

Улуттук банк ашкармасынын
2009- жылдын 12-вгустундагы
№ 33/1 токтому менен кабыл
алынган

## Акча-кредит саясатындагы негизги тенденциялар

Отчеттук мезгил ичинде инфляциялык басымды төмөндөтүү тенденциясы акча-кредит саясатын жеңилдетүү үчүн шарт түзгөн. Экинчи чейректе Өкмөттүн чыгашаларынын олуттуу көбөйүшү май-июнь айларында инфляциянын монетардык түзүүчүлөрүн токтотуу максатында Улуттук банктын ноталарынын сунушунун көлөмүнүн өсүшүнө өбөлгө түзгөн. Натыйжада, Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү экинчи чейректе 29,3 пайызга, 1,1 млрд. сомго чейин көбөйгөн.

Бүтүндөй алганда экинчи чейрек ичинде акча базасы 14,9 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилинде өсүш 11,8 пайызды түзгөн).

Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча инфляциянын деңгээлин мүнөздөгөн керектөө бааларынын индексинин өсүшү 2009-жылдын баш жагында 0,6 пайыз (2009-жылдын июнь айы 2008-жылдын декабрына карата), ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилинде ал - 15,2 пайыз чегинде катталган эле. Жылдык мааниде алганда (2009-жылдын июнь айы 2008-жылдын июнь айына карата) инфляция 4,8 пайызды түзгөн.

Азык-түлүк товарларынын жана энергопродукциялардын дүйнөлүк рынокторунда жагдайдын туруктуулугу рыноктордо баалардын төмөндөө жагына ык коюусу менен коштолгон, ошондой эле Улуттук банк менен Өкмөт тарабынан инфляцияга каршы көрүлгөн чаралар, экономикада инфляциялык процесстердин басаңдашын шарттаган. Алсак, азык-түлүк товарларына баалардын төмөндөшү жана азык-түлүктөн башка товарларга, кызмат көрсөтүүлөргө баалардын кандайдыр бир деңгээлде өсүшү катталган.

2009-жылдын 2-чейрегинде банктар аралык валюта рыногундагы жагдай турукташып, АКШ долларына суроо-талаптын кыскаруусу катталган. Буга байланыштуу Улуттук банк рынокто валютага суроо-талап менен сунуштун балансташуусун камсыз кылуу менен алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө максатында, накталай эмес АКШ долларын сатып алуу сыяктуу эле, сатуу боюнча бүтүмдөргө мезгил-мезгили менен келишүү аркылуу валюта рыногуна катышуусун байкалаарлык кыскарткан. 2009-жылдын 2-чейрегинде сомго карата доллардын алмашуу курсунун динамикасы жетишерлик туруктуу болгон. Чейректин башында АКШ долларынын алмашуу курсу 42,6дан 43,0 сомго чейин жогорулаган жана июнь айынын акырына чейин ал 43,0-43,4 сом/АКШ доллары чегинде гана өзгөрүлүп турган. Бүтүндөй алганда 2009-жылдын 2-чейреги ичинде АКШ долларынын сомго карата эсептик курсу 1,5 пайызга жогорулаган, бул 2009-жылдын 1-чейрегинде орун алган улуттук валютанын нарксыздануу арымынан (8,1 пайызга) байкалаарлык төмөн. (Салыштыруу үчүн алганда: 2008-жылдын 2-чейрегинде доллардын сомго карата эсептик курсу тескеринче, 1,3 пайызга төмөндөгөн). Улуттук банктын накталай эмес АКШ долларын таза сатуусунун көлөмү жылдын 2-чейрегинде 4,6 млн. АКШ долларын, ал эми 2009-жылдын 1-чейрегинде - 148,4 млн. АКШ долларын түзгөн болсо, 2008-жылдын 2-чейрегинде таза сатып алуу 46,9 млн. АКШ доллары чегинде катталган.

Улуттук банк 15-июндан тартып милдеттүү резервдин нормасын 10 пайыздан 9,5 пайызга чейин төмөндөткөн, натыйжада милдеттүү резервдин көлөмү 148,9 млн. сомго төмөндөө менен банктарга келтирилип жаткан оорчулук бир аз жеңилдетилген. Милдеттүү резервдик талаптардын нормасын төмөндөтүү ошондой эле, коммерциялык банктар тарабынан Депозиттерди коргоо фондусуна чегерүүлөрдүн башталышы менен да шартталган.

Бул жерде ошондой эле, 11-майдан тартып Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду өз ишин баштагандыгын да белгилеп кетүү зарыл.

2009-жылдын 2-чейрегинде Улуттук банктын эсептик чени март айынын акырындагы 12,8 пайыздан июнь айынын акырына карата 8,2 пайызга чейин төмөндөгөн жана бул рыноктун катышуучуларынын инфляциялык күтүүлөрүнүн төмөндөшүн да чагылдырышы ыктымал.

Өтүп жаткан жылдын 3-чейрегинен тартып (2009-жылдын 28-июль айына карата абал боюнча) акча базасы 3,8 пайызга көбөйгөн. Акча базасынын (1 301,1 млн. сомго) өзгөрүшүнө аны 1 413,4 млн.сомго көбөйткөн Өкмөттүн операциялары жана 112,3 млн. сомго кыскарткан Улуттук банктын операциялары таасирин тийгизген.

2009-жылдын 1-жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча көлөмү 25,5 млрд. сомду түзүү менен 0,6 пайызга кыскарган кредит портфелин эске албаганда, банк тутумунун негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүшү жүргөн. Банктардын активдери 2009-жылдын июнь айынын акырына карата 65,13 млрд. сомду түзүү менен 18,6 пайызга көбөйгөн. Иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттик базасы жылдын июнь айынын акырына карата 33,8 млрд. сомду түзүү менен 14,3 пайызга көбөйгөн. Банк тутумунун таза пайдасы 2009-жылдын январь-июнь айлары ичинде 764,1 млн. сомду түзгөн (2008-жылдын ушул эле мезгили ичинде бул көрсөткүч 752,0 млн. сом чегинде катталган).

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча 2009-жылдын 1-жарым жылдыгында төлөм теңдеминин сальдосу 249,2 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң мааниде түптөлгөн (2008-жылдын 1-жарым жылдыгында ушул эле сальдо 17,7 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс калыптанган). Күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы 86,3 млн. АКШ долларын түзүү менен 2008-жылдын ушул эле мезгилиндеги 11,4 пайызын салыштырганда, ИДПга карата 4,8 пайызга чейин кыскарган. Отчеттук мезгилде күндөлүк трансферттердин оң балансы 608,6 млн. АКШ доллары деңгээлинде калыптанган, бул 2008-жылдын 1-жарым жылдыгынын маанисинен 6,9 пайызга аз болгон (Россиянын грантын эске албаганда, күндөлүк трансферттердин төмөндөшү 29,9 пайызды түзгөн).

## Инфляция: жыйынтыктар жана тенденциялар

2009-жылдын 1-жарым жылдыгында 2008-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда, баалардын өсүшүнүн олуттуу басаңдашы байкалган. Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча, инфляция деңгээлин мүнөздөгөн керектөө бааларынын индексинин өсүшү 2009-жылдын башынан тартып 0,6 пайыз (2009-жылдын июнь айы 2008-жылдын декабрына карата), ал эми 2008-жылдын ушул эле мезгилинде - 15,2 пайыз чегинде катталган эле. Жылдык мааниде алганда инфляция (2009-жылдын июнь айы 2008-жылдын июнь айына карата) 4,8 пайызды түзгөн.

Азык-түлүк товарларынын жана энергопродуктылардын дүйнөлүк рынокторунда жагдайдын туруктуулугу, ошондой эле Улуттук банк жана Өкмөт тарабынан инфляцияга каршы көрүлгөн чаралар экономикада инфляциялык процесстердин басаңдашын шарттаган. Алсак, азык-түлүк товарларына баалардын төмөндөшү жана азык-түлүктөн башка товарларга, кызмат көрсөтүүлөргө баалардын алгылыктуу өсүшү катталган.

**1-таблица. Кыргыз Республикасында керектөө бааларынын индекси**

| | | 2009-ж. июнь айы | | 2009-ж. январь-июнь айлары |
|---|---|---|---|---|
| | 2008–ж. декабрына | 2009-ж. май айына | 2008-ж. июнуна | 2008-ж. январь-июнь айларына |
| **Бардыгы болуп товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | **100.6** | **99.5** | **104.8** | **112.5** |
| анын ичинде | | | | |
| Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар | 96.4 | 98.0 | 96.8 | 108.8 |
| Алкоголдук ичимдиктер жана тамекилер | 103.6 | 101.6 | 107.4 | 108.9 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 106.2 | 101.1 | 115.3 | 115.2 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 103.6 | 100.3 | 118.1 | 129.1 |

2009-жылдын алгачкы алты айы ичинде азык-түлүк товарларына карата баа динамикасы, баанын жалпы деңгээлинин төмөндөшүнө олуттуу таасирин тийгизген. Алсак, «тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар» тобуна кирген товарлар жыл башынан тартып 3,6 пайызга, ал эми жылдык мааниде алганда (2008-жылдын июнь айына карата) – 2 пайызга арзандаган. 1-жарым жылдыкта төмөнкү топко кирген товарларга баалар төмөндөгөн: нан азыктарына жана талкандарга (-8,3 пайызга), майларга жана тоң майларга (-14,1 пайызга), мөмө-жемиштерге (-1,9 пайызга). Импорттолуп алынган продукцияларга баанын төмөндөшү жана аларга карата сунуш жетиштүү болуп жаткан шартта, тышкы жана ички суроо-талаптын басаңдашы, ушул товарларга баанын түшүүсүнүн негизги факторунан болгон.

Алкоголдук жана тамеки продуктыларына баалар, тиешелүүлүгүнө жараша 5,0 пайызга жана 0,8 пайызга өскөн.

Азык-түлүктөн башка товарларга баанын индекси 2009-жылдын 1-жарым жылдыгында 6,2 пайызга өскөн.

Экономикада баанын жалпы өсүшүнө ошондой эле, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн кымбатташы да салымын кошкон, алар 2008-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 17,9 пайызга кымбаттоо менен 3,6 пайызды түзгөн.

## Акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн динамикасы

Күндөлүк алмашуу курсу боюнча эсептелинген акча базасы жыл башынан тартып 2,9 пайызга кыскаруу менен (2008-жылдын ушул эле мезгилинде көбөйүү 3,0 пайызды түзгөн) 2009-жылдын июнь айынын акырына карата 34 134,0 млн. сомду түзгөн.

М0 банктардан тышкаркы акча жыл башынан тартып 5,1 пайызга кыскарып, 2009-жылдын июнь айынын акырына карата 27 894,7 млн. сомду түзгөн, ал эми 2008-жылдын ушул эле мезгилинде көбөйүү 1,6 пайыз чегинде катталган.

М2 акча массасы банктардан тышкаркы акчанын кыскаруусунун жана улуттук валютадагы депозиттердин 4,4 пайызга төмөндөшүнүн эсебинен, 2009-жылдын июнь айынын акырына карата 36 328,5 млн. сомду түзүү менен жыл

башындагыга салыштырганда 4,9 пайызга кыскарган (2008-жылдын ушул эле мезгилинде көбөйүү 6,2 пайызды түзгөн).

Чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган, катталган алмашуу курсу боюнча эсептелген кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасынын көлөмү[1] жыл башынан тартып 5,5 пайызга кыскаруу менен отчеттук мезгилдин акырына карата 45 376,6 млн. сомду түзгөн (2008-жылдын тиешелүү мезгилинде көбөйүү 8,4 пайыз чегинде катталган).

Отчеттук мезгилде кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасынын көлөмүнүн азаюусу, банктардан тышкаркы акчанын 5,1 пайызга кыскаруусунун (2008-жылдын ушул эле мезгилинде көбөйүү 8,4 пайызды түзгөн) жана кеңири мааниде колдонулуучу акча массасына кирген депозиттердин жалпы көлөмүнүн 6,3 пайызга, анын ичинде чет өлкө валютасындагы депозиттердин 4,4 пайызга жана улуттук валютадагы депозиттердин 7,9 пайызга төмөндөшүнүн таасири астында жүргөн, бул депозиттерди эсепке алуу ыкмасынын өзгөртүлүшү менен шартталган[2].

Чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчанын жүгүртүү ылдамдыгы, отчеттук мезгилдин акырына карата 4,2 түзгөн (2009-жылдын башында – 4,1).

## Реалдуу сектор

2009-жылдын 1-жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча ИДПнын көлөмү 2008-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда, реалдуу мааниде 0,3 пайызга көбөйүү менен (2008-жылдын 1-жарым жылдыгында реалдуу өсүш 6,1 пайыз) 74 049,0 млн. сомду түзгөн. Мында, «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, ИДПнын реалдуу өсүшү 1,3 пайызды түзгөн, ал эми 2008-жылдын январь-июнь айларында 5,5 пайыз чегинде катталган эле. Бүтүндөй алганда, өтүп жаткан жылдын башталышынан тартып, экономикада өткөн жылдардагыга салыштырганда экономикалык өсүш арымынын олуттуу басаңдашы байкалган.

---

[1] Банк тутумунун аналитикалык балансынын маалыматтары боюнча жеке адамдардын жана юридикалык жактардын депозиттерин ошондой эле, башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттерин гана камтыйт, мында Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттери эске алынбайт.

[2] 2009-жылдын 1-январынан тартып, коммерциялык банктар өз алдынча эсептешүүлөр планына өткөн. Мурда коммерциялык эмес уюмдардын депозиттери катары чагылдырылган депозиттердин бөлүгү Социалдык фонддун депозиттери катары чагылдырылып калган, ал эми Социалдык фонддун депозиттери кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасынын негизинде эсептелинген депозиттик базанын курамына кирбейт.

**2-таблица. Ишкердиктин айрым түрлөрүнүн январь-июнь айларындагы ИДПнын өсүшүнө /төмөндөшүнө кошкон салымы**
*(пайыздар)*

| | 2008-ж. салыштырмалуу салмагы | 2009-ж. салыштырмалуу салмагы | 2008-ж. өсүш арымы | 2009-ж. өсүш арымы | Өсүшкө салым | Дефлятор |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Айыл-чарбасы | 16,1% | 16,2% | 2,4% | 2,1% | 0,3% | 8,7% |
| Тоо-кендерин казып алуу өнөр-жайы | 0,4% | 0,5% | -6,6% | 8,6% | 0,0% | 23,3% |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 12,1% | 9,8% | 9,5% | -21,3% | -2,6% | 14,2% |
| Электр энергиясын, газды, сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 2,9% | 2,9% | -0,5% | -13,0% | -0,4% | 25,3% |
| Курулуш | 2,3% | 3,1% | -27,6% | 28,5% | 0,7% | 13,3% |
| Соода жүргүзүү; автомобилдерди оңдоо | 20,2% | 20,7% | 6,6% | 3,4% | 0,7% | 9,2% |
| Мейманканалар жана ресторандар | 1,4% | 1,4% | 10,0% | 4,3% | 0,1% | 11,9% |
| Транспорт жана байланыш | 9,7% | 11,5% | 29,4% | 10,8% | 1,0% | 18,2% |
| Жана башкалар | 18,4% | 21,2% | 3,1% | 2,2% | 0,4% | 24,6% |
| Продукцияларды өндүрүүдөн таза салыктар | 16,5% | 12,7% | 6,1% | 0,3% | 0,0% | -15,6% |
| **ИДП** | **100,0%** | **100,0%** | **6,1%** | **0,3%** | **0,3%** | **10,0%** |

* -УСКнын маалыматтары, Улуттук банктын эсептөөлөрү

2009-жылдын башынан тартып экономиканын өсүш арымынын басаңдашы, эң башкысы өнөр жайындагы төмөндөөлөрдөн улам жүргөн. Кайра иштетүү өнөр жайында жана электрэнергиясын, газды, сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү тармактарындагы өндүрүштүн олуттуу кыскаруусу, өнөр жайында жалпы төмөндөөгө алып келген. Мындай учурда, алтын өндүрүү менен иш алып барбаган ишканаларда өнөр жай өндүрүшүнүн олуттуу төмөндөшү кооптуу жагдайдан болуп саналат.

2008-жылдын январь-июнь айларындагыга салыштырганда, 2009-жылдын январь-июнь айларында негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 1,4 эсеге өскөн. Гидроэнергетика обьектерине инвестициялардын көлөмүнүн олуттуу өсүшү мындай өсүштүн негизги себептеринин бири болуп саналат, мында негизги капиталга инвестициялардын жалпы көлөмүнүн түзүмүндөгү алардын үлүшү 10,3 пайызды ээлейт.

## Тышкы экономикалык сектор

Алдынала алынган маалыматтар боюнча 2009-жылдын 1-жарым жылдыгындагы күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы 86,3 млн. АКШ долларын түзүү менен 2008-жылдын ушул эле мезгилиндеги 11,4 пайызга салыштырганда (Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алганда ИДПга карата 0,3 пайыз) ИДПга карата 4,8 пайызга чейин кыскарган.

Кыргыз Республикасынын соода балансынын сальдосу 596,6 млн. АКШ доллары (Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алганда 516,5 млн. АКШ доллар) өлчөмүндө терс түптөлгөн.

Кызмат көрсөтүүлөр балансы өткөн жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 43,7 пайызга кыскаруу менен 48,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс чыккан.

Кирешелер балансы 49,6 млн. АКШ доллар деңгээлинде терс мааниде түптөлгөн жана 2008-жылдын 1-жарым жылдыгындагыга салыштырганда тике чет өлкө инвесторлорунун Кыргыз Республикасындагы инвестициялык ишкердигинен кирешелеринин кыскаруусу себебинен 26,1 пайызга төмөндөгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде күндөлүк трансферттердин оң балансы 608,6 млн. АКШ доллары деңгээлинде түптөлгөн, бул 2008-жылдын

1-жарым жылдыгындагы мааниден 6,9 пайызга аз (Россия грантын эске албаганда, күндөлүк трансферттердин төмөндөшү 29,9 пайызды түзгөн).

2009-жылдын 1-жарым жылдыгындагы капитал менен операциялар жана финансы операциялар эсебинин оң сальдосу, 2008-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 32,5 пайызга көбөйүү менен 149,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Капитал менен операциялар эсеби 2008-жылдын ушул эле мезгилиндеги 3,9 млн. АКШ долларындагы терс маанисине салыштырганда, 30,6 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн. Мындай оң сальдо техникалык жардамдардын жана товарлар түрүндөгү гранттардын түшүүлөрүнүн эсебинен келип чыккан. Финансы эсебинин сальдосу да (2,0 пайызга) бир аз көбөйүп, 119,3 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң чыккан.

Бүтүндөй алганда, алдынала алынган маалыматтар боюнча 2009-жылдын 1-жарым жылдыгында төлөм теңдеминин сальдосу 249,2 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң мааниде түптөлгөн (ал эми 2008-жылдын 1-жарым жылдыгында бул сальдо 17,7 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс мааниде чыккан).

## Мамлекеттик финансы сектору

2009-жылдын январь-май айларында Финансы министрлигинин Борбордук Казыналыгынын маалыматтары боюнча, жалпы кирешелер жана мамлекеттик бюджеттин алынган расмий трансферттери 20 387,7 млн. сомду же ИДПга карата 35,2 пайызды түзгөн. Мында, өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда[3] өсүш арымы 2008-жылдагы 46,4 пайызга караганда, 22,6 пайызды түзүү менен эки эсеге кыскарган, бул бүтүндөй 2005-жылдан берки түптөлгөн орточо жылдык деңгээлге туура келет.

Өсүш арымынын алгылыктуулугу чет өлкө уюмдарынан жана мамлекеттерден, атап айтканда Россия Федерациясынан расмий трансферттердин түшүүсү менен камсыз кылынган; ушул эле учурда салыктык сыяктуу эле, салыктык эмес түшүүлөр кыскарган, демек алар бюджеттик кирешелердин жалпы өсүшүнө терс салым кошуу менен берилген баа боюнча -2,2 п.п. түзгөн (2008-жылдын январь-май айларында – (+45,9) п.п.).

2009-жылдын январь-май айларында мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерге карата жалпы чыгашалары 32,6 пайызга же 4 276,0 млн.сомго көбөйүү менен 17 389,3 млн. сомду түзгөн. Бюджеттик чыгашалардын өсүшү «кызматкерлердин эмгегине төлөөлөр» жана «товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу» категориялары боюнча төлөөлөрдүн, тиешелүүлүгүнө жараша 37,2 жана 24,9 пайызга көбөйүшү менен шартталган, бул чогуу алгандагы бюджеттик чыгашалардын жалпы өсүшүнө 20,4 п.п. чегинде салым кошкон.

Отчеттук мезгилде утурумдук чыгашалардын көбөйүшүнөн тышкары, Өкмөттүн капиталдык чыгашаларын түшүндүргөн финансылык эмес активдерди (төмөнкү топтор боюнча операцияларды камтыган: негизги фондулар, запастар, жер жана башка өндүрүлбөгөн активдер) сатып алуу операциялары боюнча бюджеттик чегерүүлөрдүн олуттуу өсүшү да байкалган. Бул операциялар боюнча акча каражаттарынын таза агылып чыгуусу 2 863,0 млн. сомду же ИДПга карата 4,9 пайызды (2008-жылдын январь-май айларында - 1 643,8 млн.сомду же ИДПга карата 3,1 пайыз) түзгөн.

---

[3] Мындан ары текст боюнча, эгерде булар тууралуу атайын белгиленбесе, салыштыруу өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштыруу боюнча ишке ашырылат.

## Финансы сектору

### Банк тутуму

2009-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында 22 коммерциялык банк иштеп турган.

Өтүп жаткан жылдын январь-июнь айларында банктар 764,1 млн. сом өлчөмүндө утурумдук пайда алган, мында 20 банктык мекеме 774,3 млн. сом өлчөмүндө алгылыктуу финансылык натыйжага ээ болгон болсо, 2 коммерциялык банк 10,2 млн. сом өлчөмүндө чыгымга дуушар болгон. 2008-жылдын ушул эле мезгилинде 22 коммерциялык банк өз ишин жүзөгө ашырып турган жана алардын иш жыйынтыгы боюнча алынган пайда 752,0 млн. сомду түзгөн. Коммерциялык банктардын активдери 2009-жылдын январь-июнь айларында 18,6 пайызга көбөйгөн, ал эми капиталы 5,5 пайызга өскөн.

2009-жылдын 1-жарым жылдыгында иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттик базасы[4] июнь айынын акырына карата 33,8 млрд. сомду түзүү менен 14,3 пайызга өскөн. Депозиттердин калдыктарынын өсүшү улуттук валютадагы депозиттер сегментинде 15,9 пайызга, бир мезгилдин акырына карата 14,5 млрд. сомго чейин өсүшү сыяктуу эле, чет өлкө валютасындагы депозиттер сегментинде 13,1 пайызга, 19,3 млрд. сомго чейин өсүш катталган. Мында, чет өлкө валютасындагы депозиттик базада негизги үлүштү ээлеген АКШ долларындагы депозиттердин көлөмү, номиналдык маанисинде 3,3 пайызга өскөн.

Жылдын 1-жарым жылдыгында иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредит портфели өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн басаңдашы жана банктар тарабынан кылдаттык менен кредиттөө саясатынын жүргүзүлүшү шартында, июнь айынын акырына карата 25,5 млрд. сомду түзүү менен 0,6 пайызга кыскарган. Кредиттик карыздардын кыскарышы чет өлкө валютасында кредиттөө көлөмүнүн 1,7 пайызга (16,3 млрд. сомго чейин) азайышына байланыштуу жүргөн, ал эми ушул эле учурда улуттук валютадагы кредиттер 1,4 пайызга көбөйгөн. Мында, кредит портфелинин валюталык түзүмүндө АКШ долларында берилген кредиттер боюнча төмөндөө катталган, (алар чет өлкө валютасында кредиттердин жалпы көлөмүндө 95,9 пайызды ээлеген) ал эми башка валюталар боюнча кредиттердин калдыктары (евродо берилгендер– 2,8 пайызга, орус рублинде берилгендер – 30,8 эсе ) өскөн.

Улуттук валютадагы кредит портфелин түзгөн кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен, жыл башынан тартып 0,7 п.п., 24,4 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында - 0,4 п.п., 19,9 пайызга чейин жогорулаган.

### Улуттук банктан лицензия алышкан банктык эмес финансы-кредит мекемелери

Отчеттук мезгилдин акырына карата Кыргыз Республикасынын банктык эмес финансы-кредит мекемелер системасын 1 178 банктык эмес мекеме түзүп турган:

- Финансы компаниясы – 1;
- «Банктарды кайра каржылоонун адистештирилген фонду» ЖЧК – 1
- Кредиттик союздар – 238;
- Микрокредиттик компаниялар – 197;
- Микрокредиттик агенттиктер – 127;

[4] Өкмөттүн жана финансы мекемелеринин депозиттерин эске алуу менен.

- Микрофинансы компаниялар – 3;
- Ломбарддар – 226;
- Алмашуу бюролор – 385.

**3-таблица. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин кредит портфели** *(млн. сом)*

| | 2007-жылдын 31-декабрь айы | 2008-жылдын 30-июнь айы | 2008-жылдын 31-декабрь айы | 2009-жылдын 30-июнь айы* |
|---|---|---|---|---|
| Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин кредит портфели** | 4 850,3 | 7 191,0 | 7384,3 | 8 329,8 |

*Алдынала алынган маалыматтар
**Бул маалыматтар Финансы компаниясын эске алуусуз берилген (анткени Финансы компаниясынын кредиттери кредиттик союздарга берилген)

***Башка финансылык мекемелер***

2009-жылдын 1-жарым жылдыгында үч фондулук биржанын соода аянтарындагы ишке ашырылган тооруктардын жалпы көлөмү өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, 53,7 пайызга кыскаруу менен 1 787,6 млн. сомду түзгөн. «Кыргыз фондулук биржасы» ЖАКсынын (бүтүмдөрдүн жалпы көлөмүнөн 63,2 пайызы) соода аянттарында келишилген бүтүмдөрүнүн көлөмүнүн 63,3 пайызга, 1 130,5 млн. сомго чейин жана «Борбордук Азия фондулук биржасы» ЖАКсынын соода аянтында 28,8 пайызга, 519,1 млн. сомго чейин азаюусу тооруктардын жалпы көлөмүнүн кыскаруусуна таасирин тийгизген. «Ал эми «Кыргызстандын фондулук биржасы - БТС » ЖАКсынын биржалык тооруктарынын көлөмү жылдын биринчи жарым жылдыгында, өткөн жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 2,7 эсе, 138,0 млн. сомго чейин көбөйгөн. Биринчилик рыногунда келишилген, 1 210,2 млн. сомду түзгөн бүтүмдөр тооруктардын жалпы көлөмүндө негизги көлөмдү (67,7 пайызды) ээлеген.

2009-жылдын 1-жарым жылдыгынын акырына карата баалуу кагаздар рыногунда 6 акционердик инвестициялык фонд өз ишин жүзөгө ашырган, финансылык кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоодо алардын үлүшү абдан аз бойдон калууда; инвестициялык фондулардын активдери ИДПга карата 0,02 пайыздык деңгээлде (2008-жылдын жыйынтыгы боюнча)калган.

2009-жылдын май айынын акырына карата республиканын рыногунда 19 камсыздандыруу компаниялары, алардын ичинен экөө кайра камсыздандыруу компаниялары иш алып барган болуп саналышат, резидент эместердин катышуусу менен 7 компания камсыздандыруу ишин жүргүзгөн. 2009-жылдын 5 айы ичинде камсыздандыруу уюмдарынын чогуу алгандагы активдери 2008-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда дээрлик 2 эсеге көбөйүү менен 770,6 млн. сомду, ал эми чогуу алгандагы өздүк капитал 2,2 эсеге көбөйүп, 683,4 млн. сом чегинде катталган.

Учурда, рынокто төмөнкү эки мамлекеттик эмес пенсиялык фондулар катталган: «Кыргызстан» мамлекеттик эмес пенсиялык фонду 1994-жылдан бери иш жүргүзүп келүүдө, ал эми «Жаңы Азия» мамлекеттик эмес пенсиялык

фондусу 2009-жылдын 26-майында гана лицензия алууга жетишкен. 2009-жылдын май айынын акырына карата «Кыргызстан» мамлекеттик эмес пенсиялык фондунун активдеринин өлчөмү жыл ичинде 7,1 пайызга көбөйүү менен 16,6 млн. сомду, ал эми өз ыктыяры менен пенсиялык камсыздоого келишим түзүшкөн анын катышуучулардын саны 2 304 адамды түзгөн (алардын ичинен 442 адам пенсия алат).